**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Кыргыз Республикасынын деңиз каттоосунун улуттук операторун тандоо тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын деңиз кемечилиги чөйрөсүндө эл аралык катышуусун чыңдоо, өлкөнүн эл аралык аренада атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында, “1948-жылдын 6-мартында Женевада кабыл алынган Эл аралык деңиз уюму жөнүндө конвенцияга Кыргыз Республикасынын кошулуусу (кабыл алынышы) тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын деңиз каттоосунун улуттук операторун (мындан ары – улуттук оператор) тандоо тартиби жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Улуттук операторду тандоо боюнча ведомстволор аралык комиссиянын курамы 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Улуттук операторду тандоо боюнча ведомстволор аралык комиссия:

1) ушул токтомдун 1-пунктунда аталган Жобого ылайык улуттук операторду тандоону өткөрсүн;

2) тандоонун жыйынтыгы боюнча 3 (үч) жумуш күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине улуттук операторду аныктоо тууралуу чечимди жөнөтсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги улуттук операторду аныктоо тууралуу чечимди алган күндөн тартып 7 (жети) жумуш күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тиешелүү чечиминин долбоорун киргизсин.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

5. Улуттук оператор (макулдашуу боюнча) мыйзамдарда белгиленген тартипте кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын, анын ичинде каттоо жыйымдарын, сертификаттарды же башка документтерди берүү үчүн төлөмдөрдү белгилесин.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.А. Касымалиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Об утверждении Положения о порядке отбора национального оператора морского регистра Кыргызской Республики**

В целях укрепления международного присутствия Кыргызской Республики в сфере морского судоходства, повышения конкурентоспособности страны на международной арене, в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О присоединении (принятии) Кыргызской Республики к Конвенции о Международной морской организации, принятой в Женеве 6 марта 1948 года», статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить Положение о порядке отбора национального оператора морского регистра Кыргызской Республики (далее – национальный оператор) согласно приложению 1.

2. Утвердить состав межведомственной комиссии по отбору национального оператора согласно приложению 2.

3. Межведомственной комиссии по отбору национального оператора:

1) провести отбор национального оператора в соответствии с Положением, указанным в пункте 1 настоящего постановления;

2) по итогам отбора в течение 3 (три) рабочих дней направить в Министерство экономики и коммерции Кыргызской Республики решение об определении национального оператора.

4. Министерству экономики и коммерции Кыргызской Республики в течение 7 (семь) рабочих дней со дня получения решения об определении национального оператора внести в Администрацию Президента Кыргызской Республики проект соответствующего решения Кабинета Министров Кыргызской Республики.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

5. Национальному оператору (по согласованию) установить стоимость оказываемых услуг, включая регистрационные сборы и платежи за предоставление сертификатов или иных документов в установленном законодательством порядке.

6. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

7. Настоящее постановление вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Председатель**
**Кабинета Министров**
**Кыргызской Республики** **А.А. Касымалиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН